


**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *11.Ачык сабак*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**№2 В. И. Ленин атындагы орто мектеби**

# Ачык сабак

## Тема: “: Эне мээрими чексиз”



Мугалим: Юлдашева Ф.

Сабактын темасы: Эне мээрими чексиз

Сабактын максаты: 1. «Эне-тагдыры-улут тагдыры»-деген накыл кептин терен маанисин тушунот. Энелердин коомдогу ролун билишет. 2. Энелерди сыйлоо-перзенттик парз экенин дагы теренирээк түшүнөт. 3. Өзүндө жакшы сапаттарды өнүктүрө билүүгө тарбияланышат.

Сабактын жабдылышы: Макал-лакаптар жазылган плакат, суроттор.

Сабактынжурушу:



I. Уюштуруу: «Эне жонүндо баллада» үч окуучу бир куплеттен ырдайт.

1-окуучу: 2-окуучу: Тамчыдай денедеги сутун менен, Туболук тун кузоткон канаттуудай, Талпынтып ак бешикке баккан энем. Уйкудан чолпон козун ачкан энем. Нуруна мээримине магдыраткан, Алдына ажал келип турса дагы, Мандайда менин батпас кунум элен. Мен учун жанды курман кылар элен.

3-окуучу: Шанданган шоола болдун бул жузумо, Асмандай ай нурундай асыл энем. Козумдун карегиндейкоп аягам, Алтындай эмгегинди неге тенейм.



II. Киришуу: Мугалим: Эне- уйдун куту жана баланын, уй булонун бактысы. Турмуштун эчен азап-тозогун башынан откоруп, чонойткон балдары учун омур боюу кам корот. «Карга суйот баласын аппагым деп, кирпи суйотбаласын жумшагым деп» дегендей эне учун баласы дайыма эн суйкумдуу жана дайыма жаш. Уулу эрезеге жетип ата болсо да, кызы бойго жетип, эне болсо да, эне алар учун кам коруп жанын курман кылууга даяр. Ал эми бала

учун эне чон бакыт. Эне уйдо бир минута жок болсо, уйдун куту уча тушконсуйт. Эшикке кирип чыгып тезирээк эле келишин кутуп тынчсызданасын. «Энелер-жашоо чырагы» деген соз да бекерге айтылбайт. Жашоонун озу ЭНЕден башталып олтурбайбы. ЖЕР-ЭНЕ экоону ажыратуу мумкун эмес. Жер –Энеден алган тушумду дыйкандарыбыз алганда да,эн алгачкы кызыл кырмандагы буудайдын даамын татканда да, Жер –Энеге ыраазычылык билдирип, элибизде токчулук береке-пейиз болсун дешип ак тилектерин билдирет.

Энелер боорукердиги , акылкойлугу, намыскойлугу, которумдуулугу менен айырмаланат. Кыйын кезендерде энелер эр-жигиттердин намысына тийип, акылкойлугу менен элин сактап калган учурлар тарыхта коп учурайт. Эл башына кыйынчылык тушкондо, душманга каршы турушуп эрдиктерди корсотушкон.




III. Топтордо иштоо: Классты уч топко болуп, аларга томонку кыргыздын баатыр аялдарынын урпактан урпакка отуп сакталып келе жаткан эрдиктери жонундо кыскача баяндама тузуу

тапшырмасы берилет. 1-топко: Кыз Сайкал. 2-топко: Жаныл Мырза. 3-топко: Курманжан Датка. 1-топ. Кыз Сайкал – озунун уруусун коргогон, намыской, эр сайышка тушкон сулуу жана акылдуу кыз болгон. Манас эпосунда ал жонундо кенири айтылат. Балбандыгы жана баатырдыгы айкалышкан, жоо-жарагын кийинип, айбатту ат минип, жолоктуу найза кармап, эрегишуу майданына чыкканда, анан атак-данкын уккан балбандар эч кимиси ага каршы



эроолго чыкпай койот. Ошондо намыс кылган хан Манас озу чыгат жана женилип кала жаздап аран женет. 2-топ. Жаныл Мырза да ото намыской, озунун элин, жерин жанын аябай коргогон, элинин намысын, тынчтыгын озунун керт башынан ойдо койгон баатыр кыз болгон. Эр азамат жигиттерден отуп, согушуу искусствосун билген. Озу жакшы коргон Тулкубек мырзаны, уруусунун намысы учун, жаа менен атып олтургон. 3-топ. Курманжан-Датка энебиз кыргыз элинин биримдиги, тынчтыгы, эркиндиги учун жан куйгузгон, озунун баласын курмандыкка чалган, акылмандык менен эл башкарган, дипломат аял болгон. Ошол кездеги Россия окмоту менен саясий алака жургузуп, келишим тузгон. Аны «Алай

жолу жоо которуп барсан да, карызындан кутулбайсын. *Ата-эненди сыйласан , оз баландан сый коросун. ж.б.

V. Жыйынтыктоо: Энелерибизге арнап коптогон жазуучу, акындарыбыз оздорунун чыгармаларын жаратып келет. Ал эми обончуларыбыз аларга мукамдуу обон жазып, аткаруучуларыбыз ырдап келет. Алар эне жонундо ырдаганда жан дуйнон жанырып, энелердин мээрбандыгына, боорукердигине, кубанып ыраазы болосун. Дегеле «Эне» темасына кайрылбаган акын, жазуучу, обончу, аткаруучу, суротчу ж.б. аз эле болсо керек. Анткени энелерибиз ар кандай сыйга татыктуу. Алар тугонбогон туйшукту которо билген чарчабаган мээнеткеч, кечиримдуу, боорукер. Ошол эле учурда конулу назик. Аларга аяр мамиле жасап, конулун оорутпай аздектеп сыйлап турушубуз керек. Чоноюп алып, озу эле ушул даражага жетип калгансып, энелерин кемсинтип, орой мамиле жасагандык, аларга жонокой гана соз менен эле тушундуруп койо турган ишти да катуу айтып, эненин конулун калтыруу- бул кечирилгис ката. Ошондуктан, мындай ката кетирбейли. Энелерибизге эн алгач жылуу мамиле, суйуубузду арнайлы. Энелерибизге майрамдарда эле конул буруп калбастан дайыма сый-урмат корсотолу.

